КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУНУН
НООКАТ РАЙОНУ

Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИМЕНИ Н.ИСАНОВА

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезексиз 6- отуруму (сессиясы)**

# ТОКТОМ № 6

**29.12.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**Н.Исанов атындагы айыл аймагына караштуу №1010 контурундагы аянты 101,20 га жер тилкесинин ичинен 0,15 га жер аянтына Кичи ГЭС куруу үчүн жерди " Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө "**

Н.Исанов атындагы айыл аймагына караштуу №**1010** контурундагы аянты **101,20** га жер тилкесинин ичинен **0,15** га жер аянтына Кичи **ГЭС** куруу үчүн жерди " Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого, Кыргыз Республикасынын Президентинин **2023**-жылдын **23**-мартындагы **ПЖ №62** «Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдаланууга арналган жерлерди өткөрүп берүү маселелери жөнүндө» Жарлыгына, кичи ГЭС куруу жөнүндө элдик жыйындын суроо-талабына ылайык, айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айыл аймагына караштуу **№1010** контурундагы аянты **101,20** га жер тилкесинин ичинен **0,15** га жер аянтына Кичи **ГЭС** куруу үчүн жерди " Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан " Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) Кыргыз Республикасынын "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" **2013**-жылдын **15**-июлундагы **№145** Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн **2014**-жылдын **19**-мартындагы **№169** токтому менен бекитилген "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү Жобого ылайык макулдук берилсин.
2. Тиешелүү жер аянтын мыйзам чегинде тактап, көрсөтүп берүү жагы жана тиешелүү мекемелерден юридикалык иш кагаздарын даярдап берүү жагы Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнө сунуштalсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 6- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 6-1

**29.12.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**"Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 03-октябрындагы 8-чакырылышынын кезектеги 5-отурумундагы №5-10 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу"**

Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 3-октябрындагы №8-чакырылышынын кезектеги 5-отурумундагы №5-10 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 3-октябрындагы №8-чакырылышынын кезектеги 5-отурумундагы №5-10 токтомуна Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» № 123 Мыйзамынын 34,39- беренесине негиз, өзгөртүү киргизилсин.

2. Токтомдун нуктасындагы, бет ачарындагы, 1,2-пунктундагы «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына которуу (трансформациялоо)» деген сөздү алып, «Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлдагы «Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» №145 Мыйзамынын « Айыл чарба багытындагы жайыт жери» категориясынан «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына 12-беренесинин 9-пунктуна негиз» которуу (трансформациялоо)» деген сөзү менен толуктталсын.

3. 3-пункт толугу менен алынып, «Трансформацияланган 0,96 га жер тилкесинин 0,60 га жер тилкесине 75 орундуу бала бакча, 0,15 га жер тилкесине музыкалык мектеп, 0,21 га муниципалдык спорт аянтча курууга макулдук берилип, юридикалык иш кагаздарын Ноокат районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан жана «Жер ресурстары» мамлекеттик мекемесинин Ноокат райондук филиалынан суралсын» деген пункт менен толуктталсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын кезектеги 6- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 6-2**

**29.12.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**"Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2022-жылдын 30-июлдагы 7-чакырылышынын кезектеги 32-отурумундагы № 32-2 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу"**

Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2022-жылдын 30-июлдагы №7-чакырылышынын кезектеги 32-отурумундагы №21-2 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2022-жылдын 30-июлдагы №7-чакырылышынын кезектеги 32-отурумундагы №32-2 токтомуна Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» № 123 Мыйзамынын 34,39- беренесине негиз, өзгөртүү киргизилсин.

2. Токтомдун бет ачарындагы 0,3808 га жер тилкесин деген сөздөн кийинки «трансформациялап (максаттуу багытын которуп» деген сөздү жана 1-пунктундагы 0,3808 га жер тилкесин деген сөздөн кийинки «трансформациялоо( максттуу багытын өзгөртүү)»- деген сөздү алып, «Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлдагы «Жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» №145 Мыйзамынын « Айыл чарба багытындагы жайыт жери» категориясынан «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына 12-беренесинин 9-пунктуна негиз» которуу(трансформациялоо)» деген сөзү менен толукталсын.

3. 2-пункт толугу менен алынып, «мектеп үчүн берилип, багыты которулган жер тилкесинин юридикалык иш кагаздарын Ноокат районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан жана «Жер ресурстары» мамлекеттик мекемесинин Ноокат райондук филиалынан суралсын» деген пункт менен толукталсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИМЕНИ Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезексиз 6- отуруму (сессиясы)**

**ТОКТОМ № 6-3**

**29-декабрь 2023-жыл**. **Жаңы-Базар айылы**

**Н. Исанов айыл аймагына караштуу Кожоке айылынын Ак-Терек кыштоосунда Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 токтомунун негизинде мыйзамдаштырылып, укук аныктоочу документтер берилген үйлөр, жайгашкан көчөгө расмий ат коюу жөнүндө**

Исанов айыл аймагына караштуу Кожоке айылынын Ак-Терек кыштоосунда Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 токтомунун негизинде мыйзамдаштырылып, укук аныктоочу документтер берилген үйлөр, жайгашкан көчөгө «Турду-Ата» атына берүү жөнүндөгү тургундардын кайрылуусу негиз, айылдык Кеңештин депутаттарынын сунуш пикирин угуп, талкуулап, Н. Исанов атындагы айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылынын Бекташов Сайтмаматтин жеринен баштап Абдиев Нурландын жерине чейин « Турду-Ата» атын берүү жөнүндөгү тургундардын кайрылуусу канааттандырылсын.

2. Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылынын Бекташов Сайтмаматтин жеринен баштап Абдиев Нурландын жерине чейин « Турду-Ата» атын берүүгө макулдук берилсин.

3. Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн Кожоке айылынын Бекташов Сайтмаматтин жеринен баштап Абдиев Нурландын жерине чейин « Турду-Ата» атын алган көчөнүн юридикалык документтерин « Кадастр» мамлекеттик мекемесинин Ноокат райондук филиалынан мыйзам чегинде каттап берүү жагы айыл өкмөт тарабынан сунушталсын.

1. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н. Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**Н.ИСАНОВ АТЫНДАГЫ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ ИМЕНИ**
**Н.ИСАНОВА**

---

**Н.Исанов атындагы айылдык Кеңешинин № 8 чакырылышынын**
**кезектеги 6- отуруму (сессиясы)**

## ТОКТОМ № 6-4

**29.12.2023** **Жаңы-Базар айылы**

**“ Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 3-октябрындагы № 6-8 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө”**

Н. Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 3-октябрындагы № 6-8 токтомуна, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 39-беренесине ылайык өзгөртүү киргизүү үчүн айылдык кеңештин депутаттарынын сунуш-пикирлерин угуп, талкуулап, Н.Исанов атындагы айылдык Кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Н. Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 3-октябрындагы № 6-8 токтомуна, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 39-беренесине ылайык, өзгөртүү киргизүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аталышындагы, приамбуладагы жана 1, 2-пунктчадагы **” 6500”** чарчы дегенди алып, **“5930,0”** чарчы аянты менен толукталсын, “350 м2” деген сөз алынсын , **“ Жаңы-Базар айылынын борборундагы 5930,0 чарчы метр жер тилкедеги “Жаңы-Базар” мечитинин ичине жаңыдан заманбап мечит курууга** “ деген сүйлөм менен толукталып, өзгөртүү киргизилген жер тилкеге юридикалык иш кагаздарын даярдоо Ноокат райондук архитектура жана шаар куруу башкармалыгынан, “ Жер ресурстары” мамлекеттик мекемесинин Ноокат райондук филиалынан каттоого алуу жагы айыл өкмөтү тарабынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы «айыл чарба жерге жайгаштыруу боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы М. Ташиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Жолдошов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУНУН**
**НООКАТ РАЙОНУ**

***Н.Исанов атындагы айыл Өкмөтү***
Жаңы Базар айылы
Н.Исановкөчөсү.
e-mail: n.isanov_a.o@mail.ru
КР ФМ караштуу РБ Ноокат
Өздүк эсеп:4407091001000564
БИК:440001

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКОЙ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

***с/у имени Н.Исанова***
Село Жаны-Базар ул.имени Н.Исанова
e-mail: n.isanov_a.o@mailru
Ноокат РУ при МФКР
Лицевой счет:4407091001000564
БИК:440001

**«___»________2024-жыл №___** **Жаңы-Базар айылы**

**Ош Юстиция башкармалыгынын башчысы У. Жунусовго**

| № | Барак -саны | Чакы-рылы - шы | Күнү,айы, жылы | Кезеги отурум | Токтомдун номери | Токтомдордун аталышы | Жарыялаган сайты, жарыяланган күнү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 8 | 29.12.2023 | 6 | 6 | Н. Исанов атындагы айыл аймагына караштуу №1010 контурундагы аянтты 101,20 га жер тилкесинин ичинен 0,15 га жер аянтына Кичи ГЭС куруу үчүн жерди « Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясына « Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына которууга ( трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө | www.nookat.kg |
| 2 | 1 | 8 | 29.12.2023 | 6 | 6-1 | « Н. Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2023-жылдын 03-октябрындагы 8-чакырылышынын кезектеги 5-отурумундагы №5-10 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу» | www.nookat.kg |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 3 | 1 | 8 | 29.12.2023 | 6 | 6-2 | « Н. Исанов атындагы айылдык Кеңешинин 2022-жылдын 30-июлдагы 7-чакырылышынын кезектеги 32-отурумундагы № 32-2 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу» | www.nookat.kg |
| 4 | 1 | 8 | 29.12.2023 | 6 | 6-3 | Н. Исанов айыл аймагына караштуу Кожоке айылынын Ак- Терек кыштоосундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022- жылдын 31-майындагы № 291 токтомунун негизинде мыйзамдаштырылып, укук аныктоочу документтер берилген үйлөр, жайгашкан көчөгө расмий ат коюу жөнөндө | www.nookat.kg |
| 5 | 1 | 8 | 29.12.2023 | 6 | 6-4 | Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 3-октябрындагы № 6-8 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө | |

Жогорудагы аталган токтомдор Ноокат райондук Н.Исанов атындагы айылдык кеңешинин 2013-жылдын 12-мартындагы №15-7 токтомуна негизделип мамлекеттик тилде кабыл алынып www.nookat.kg. сайтында 2024-жылдын 5-апрель
1 жарыяланган.
Тиркеме: токтомдор тиркемелери менен 5 (беш) нускада Электрондук варианты 1 даана дискте.

**Айыл өкмөтүнүн башчысы** **М. Примкулов**

Атк: Маматов М тел: 0221 33-34-18